**UOT-811.512.162**

# ЭТНИЧЕСКАЯ ПРИНАДЛЕЖНОСТЬ – ЗЕРКАЛО ДУХОВНОЙ КУЛЬТУРЫ

**Венера Акматова**
**Доктор филологических наук, профессор**
**Кыргызский национальный университет имени Жусупа Баласагына**
**Бишкек, Кыргызстан**
**venerakg@mail.ru**
**Orcid:0009-0004-2489-6187**

**Резюме**

У каждого народа есть свои танцы для повторения слов. Альби уникальным образом передают глубину, красоту и уникальность этого народа. Народные танцы показывают движения, ритмы и одежду людей, живущих на определенной территории. На самом деле народные танцы – это самые распространенные, привлекательные, захватывающие и интересные танцы в танцевальном искусстве. Танцы и песни связаны с бытом и бытом каждого народа. Их происхождение напрямую связано с народными играми, видами труда, религиозными обрядами и различными праздниками. Этнические танцы каждого народа мира содержат очень глубокий философский смысл. В танце также отражаются судьба этого народа, пережитая им история, мир мыслей, радости и печали, счастья и стремлений, желаний и желаний. Этот многогранный, интересный мир выражается молча, через движения, иногда через жесты и мимику.

**Ключевые слова:** танец, этно, культура, этнобиография, вороной конь, искусство, национальное, духовное.

# ЭТНИКАЛЫК БИЙ ЭЛДИН РУХИЙ МАДАНИЯТЫНЫН КҮЗГҮСҮ

**Венера Акматова**
**Филология илимдеринин доктору, профессор**
**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**
**Бишкек, Кыргызстан**

**Xulase**

Макалада улуттук бийлердин келип чыгышы, алардын табияты тууралуу айтылат. Кыргыз элинин этникалык бийи “Кара жорго”, “Беш ыргай” деген бийлердин келип чыгышы иликтенет. Аталган бийлердин мазмунундагы камтылган символдор чечмеленет. Этникалык бийлердин дүйнөлүк маданияттагы орду белгиленет. Ар бир элдин кайталангы сөзүнө ганатаандык бийлерибар. Албийлер ошол элдинтерeңдигин, сулуулугун жана башкаларга окшобогон өзгөчөлүгүнча гылдырып турат. Элдик бийлер белгилүү бир аймакта жашаган элдин кыймылын, кыймылынын ыргагын, кийимдерин да көрсөтүп берет. Чынында элдик бийлер бий искусствосунун ичиндеги эң кеңири тараган, жагымдуу, көрүүчүлөрдүн бүйүрүн кызытып, кызыктырган бий болуп саналат. Бийлер жана ыр ар бир улуттун жашоо образы, тиричилик кылган эмгектин түрлөрүнө байланыштуу болот. Алардын келип чыгышы элдик оюндар, эмгектин түрлөрү, диний ырым-жырымдар жана ар кандай майрамдарга түздөн түз байланыштуу. Дүйнөдөгү ар бир улуттун этникалык бийлери абдан терең философиялык маани камтып турат. Бийде ошол элдин тагдыры, башынан өткөргөн тарыхы, ой дүйнөсү, кубанычы жана кайгысы, бактысы жана умтулуусу, тилеги жана каалоолору кошо чагылдырылат. Мына ушул ар тараптуу, кызыктуу дүйнө үнсүз, кыймылдар аркылуу, айрым учурда жест жана мимикалар аркылуу туюндурулат.

**Ачкыч сөздөр:** бий, этно, маданият, этнобий, кара жорго, искусство, улуттук, рухий

# ETHNİCİTY İS A MİRROR OF SPİRİTUAL CULTURE

**Venera Akmatova**
**Doctor of philological sciences, professor**
**Kyrgyz National University named after Jusup Balasagyn**
**Bishkek, Kyrgyzstan**

**Summary**

It was spowen about the origin of national dances and their nature. The origin of the Kyrgyz ethnic dance “Kara zhorgo”, “Besh irgai" is investigated. The symbols contained in the content of these dances are interpreted. The place of ethnic is marked dances in world culture. Every nation has its own dances to repeat words. Albies capture the depth, beauty and uniqueness of that people in a unique way. Folk dances show the movements, rhythms, and clothes of the people living in a certain area. In fact, folk dances are the most widespread, attractive, exciting and interesting dances in the art of dance. Dances and songs are related to the way of life and livelihood of each nation. Their origin is directly related to folk games, types of work, religious rituals and various holidays. Ethnic dances of every nation in the world contain a very deep philosophical meaning. In the dance, the fate of that people, the history they have experienced, the world of thoughts, joy and sorrow, happiness and aspirations, wishes and desires are also reflected in the dance. This versatile, interesting world is expressed silently, through movements, sometimes through gestures and facial expressions.

**Key words:** dance, ethno, culture, ethnodance, Kara jorgo (blackhorse), art, national, spiritual

**Актуалдуулугу.** Ар бир элдин кайталангыс өзүнө гана таандык бийлери бар. Ал бийлер ошол элдин тереңдигин, сулуулугун жана башкаларга окшобогон өзгөчөлүгүн чагылдырып турат. Элдик бийлер белгилүү бир аймакта жашаган элдин кыймылын, кыймылынын ыргагын, кийимдерин да көрсөтүп берет. Чынында элдик бийлер бий искусствосунун ичиндеги эң кеңири тараган, жагымдуу, көрүүчүлөрдүн бүйүрүн кызытып, кызыктырган бий болуп саналат. Бийлер жана ыр ар бир улуттун жашоо образы, тиричилик кылган эмгектин түрлөрүнө байланыштуу болот. Алардын келип чыгышы элдик оюндар, эмгектин түрлөрү, диний ырым-жырымдар жана ар кандай майрамдарга түздөн түз байланыштуу.

**Аннотация.**Дүйнөдөгү ар бир улуттун этникалык бийлери абдан терең философиялык маани камтып турат. Бийде ошол элдин тагдыры, башынан өткөргөн тарыхы, ой дүйнөсү, кубанычы жана кайгысы, бактысы жана умтулуусу, тилеги жана каалоолору кошо чагылдырылат. Мына ушул ар тараптуу, кызыктуу дүйнө үнсүз, кыймылдар аркылуу, айрым учурда жест жана мимикалар аркылуу туюндурулат. Көпчүлүк учурда элдик музыкалык аспаптардын коштоосунда аткарылат. Дүйнөдөгү ар бир элдин элдик бийи жалпы адамзаттын маданиятына барып куят, чогулуп келип дүйнөлүк бий искусствосун түзөт. Ар бир элдин элдик бийлерин иликтөө менен бирге ошол элдин тарыхын, маданиятын, искусствосун, жашоо образын, дүйнөгө болгон көз карашын, дүйнө кабылдоосун да таанып биле алабыз. Элдик бийлерди ажыратууда кызыктуу бир түшүнүккө кабылабыз. Бий искусствосундагы элдик бий менен этникалык бийдин ортосундагы айырма барбы? Эгер бар болсо кандай? Эгер жок болсо, анда эмне үчүн эки башкача аталышка ээ деген ойлор жаралат. Бардык эле элдик бийлер этникалык бийлерге киреби? Же бардык эле этникалык бийлер элдик бийге киреби?

**Методы.** Салыштырма-сыпаттама ыкмасы колдонулду.

**Киришүү.** Этникалык бийлерге мүнөздүү белгилер: кыймылдын коодугу, эмоцияны импровизациялоо, кыймылдагы ыргак, музыкага ылайык кыймылдоо, рухий дүйнө менен айкалышуу, кадыресе кыймыл-аракеттин чегинен чыккан кыймылдын орун алышы. Мына ушундай критерийлер аркылуу этникалык бийлерге мүнөздөмө берүүгө болот.

Дүйнө элдеринин бийлери улуттук, маданий жана диний өзгөчөлүктөргө ээ. Алардын көпчүлүгү турмуш-тиричилик процесстердин, сезимдердин, ойтуйгулардын,

таасирлердин ассоциациясы болуп саналат. Бардык эле элдик бийлердин тамыры тээ байыркы мезгилдерге барып такалат. Адатта адамзатка жаратылыштын көп сырлары белгисиз болгон учурда адам жашап турган ааламдын ар кандай кубулуштарына карата табынуу, коркуу жана гармонияда болуу сыяктуу туюмдарын кыймылдар аркылуу туюнтушкан. Кудайларга табынуу, сыйынуу, табияттын сырлары менен алышуу, ар андай жаныбарлардын кыймылдарын тууроо аркылуу ички ой-туюмдарын, каалоосун кыймыл менен билдиришкен. Маселен мергенчиликке чыгаар алдында жаныбарлардын кыймылын тууроо, салгылашуунун алдында жоокерлерге кайрат-күч берип шердентүү максатындагы кыймылдар элдик бийлердин келип чыгышын шарттаган. Этникалык бийлер этникалык маданияттын ажырагыс бир бөлүгү, ал эстетикалык мааниге ээ. Этникалык бийлерди коштоодо этникалык ыр-күүлөр аткарылган. Экөө айкалышып адамга ырахат эле тартуулабастан адамды бул дүйнөнүн ар кандай көйгөйлөрүнөн алыстатып, ырахатка батырып, ал тургай дарылаган. Этникалык бий жана этникалык музыка искусствосу көтөрүнкү рухий тереңдикти алып жүрөт, ошондуктан айрым учурда сыйкырдуу, касиеттүү, кандайдыр бир сырды камтып тургандай туюлат.

Түрк элдеринде, айрыкча алтайлыктардын элдик маданиятында азыркы күнгө чейин сакталып калган бакшылардын дарылоо, арбоо кыймылы – бакырып-кыйкырып, аса таягын шартылдатып, башына, белине жиптерди байлап алып колдорун арбаңдатып, же айланып чуркап, секирип жиндер менен алышып, же жиндерди чакыруу имитациясы аркылуу аткарылган бакшылардын “бийи” адамды дарылоо үчүн аткарылган. Бакшы мына ушул кыймылдары аркылуу оору-сыркоону, жин-шайтанды кубалагандай түр жасаган. Бакшы ушул кыймылын улантып отуруп транс абалына чейин жеткен. Анын жүзүндөгү ар кандай жесттер, мимикалар, акылга сыйгыс кыймылдары курчап турган адамдарга коркунуч жараткан. Үрөйлөрү учуу менен бирге анын сыйкырына арбалып кетишкен. Бакшынын бул “бийи” ритуалдык бий болуп саналат. Ал жаратылыш менен тыгыз байланышта, өзүнө анимисттик, фетиштик, тотемдик түшүнүктөрдү да камтып турат. Ал эми диний түшүнүктөр менен байланышкан бийге мевлана агымындагы суфийлердин бийин атоого болот эле. Бул бий азыркы күндө Түркия түрктөрүнүн арасында аткарылып жүрөт, ал тургай бул өлкөнүн маданиятынын бир өзгөчөлүгү болуп саналат. Суфий-дербиштер тарабынан аткарылат. Алардын өздөрүнө ылайык кийим-кечелери бар. Алар бир колун түшүрүп, бир колун жогору көтөрүп, этектерин делбиретип айланып, ылдамдыгын уламдан улам жогорулатып отуруп, транска кирип жыгылып калганча бийлешет. Бул кыймыл аркылуу медитация жасашат. Медитация аркылуу жарык дүйнөдөгү бардык ойлордон, көйгөйлөрдөн алыстап Кудайга жакын болууга далалат жасашат.

Салттуу улуттук бий – бул ар бир элдин этномаданиятынын ажырагыс бир бөлүгү. Ырым жырым бийлери, элдик бийлер ошол элдин тарых, маданият, жашоосун чагылдырган бийлер экендигин белгилеп кетмекчибиз. Кыргыз жана казак элинде бүгүнкү күндө абдан кенен тарап, бийленген популярдуу бийлердин бири «Кара жорго» бийи (казакча қара жорға) – тарыхы боюнча тоолук кыргыздардын каныңдагы бий, алардын жашоо шартын, курч мүнөзүн чагылдырган бий деп айтылат. Кара жорго бийи жорго таптап, куш салып, эл бейпилчиликте жашап турган кезде пайда болгон жана алардын жашоо шартын, мүнөзүн чагылдырган бий деп айтып келишет. Жаралуу тарыхына үңүлсөк, аталган бийди Кытайдагы кыргыздар бийлешчү экен. Ал жакта кыргыздарга караганда казактар көп жашашкан. Кытайлык казактардан казакстандык казактарга өтүп, алар кенен жайылтканга жетишкен. Ал эми башкырттар «Кара юрга» аталыштагы ырын элдик ыр катары ырдап жүрүшөт. «Кара жорго» – этнобий болуп саналат. Кыргыз элинде мурдатан кенен тараган элдик бийлердин бири «Беш ыргай» деп аталат. Бул экөөнүн айрымасы бар. «Беш ыргайда» атайын жатталган бирдиктүү кыймылдар болсо, ал эми этнобийде адам эркин бийлейт.

Эркин бий да татаал жана жөнөкөй болуп экиге бөлүнөт. Татаал бийлер: жинди бий, кара бий, талма бий. Бул бийлерди миң кишинин бири, манасчылык сыяктуу Кудайдан берилген талантка ээ кишилер транска кирип бийлешет. Татаал бийлер менен психологиялык

жактан жабыркаган адамдарды дарылашкан. Ал эми жөнөкөй бий дарылоочу бийге кирет. Ал бий менен адам өзүн-өзү дарылайт. Мисалы, ийин бийи, муун бийи, сынма бийлери бар. Жулкунуп бийлегенде денеге кадимкидей массаж жасалат, бул өзүнчө гимнастика. «Кара жорго» бийи дал ушул жөнөкөй бийлердин катарында. Кара жоргодон тышкары «Куштардын бийи» да орун алган. Бул элдик бийге кирет. Кыргыздын «Кара жоргосу» казактардыкынан башкачараак, казактар ийини менен эле бийлешсе, кыргыздарда бут, кол, моюн, ийин, айтор, денесинин баары кыймылда болот. Бийлегенде тердеп, туздуу заттын баарын чыгарат. Эмне үчүн «Кара жорго»? Анткени кыргыздар той-топурга жорго минип барышчу. Ат үстүндө солкулдап бийлеп келген, ушундан улам бий «Кара жорго» аталып калган. Ал эми Борбордук Азияда кеңири тараган бийлердин эң популярдуусу- «Анжиян полькасы», «Наманган бийи» болуп саналат. Бул бий да майрамдык бий болуп саналат. Ар кандай майрамдарда, шаан-шөкөттөрдө, маарекелерде бийленет. Бий да, бийди коштогон музыка да абдан шаңдуу келет, ошол эле учурда бул бий абдан кызыктуу, кооз кыймылдардан турат. Бул бийдин дагы бир өзгөчөлүгү аялдар, карылар, жаштар, балдар баары бийлей берсе болот. Жогорудагы белгиленген бийлерге көз жүгүртсөк «Кара жорго» казак менен кыргыздын мал жандуу эл келе турганын, анын ичинде жылкы баласына өзгөчө мамиледе экендигин жаземдебей байкоого болот. Ал эми алтайлыктардын «бакшы бийи» табияттын сырдуу кубулуштарына кызыгуудан улам, табият менен айкалышкан мамиледен улам жаралганын көрүүгө болот. Ал эми эртерээк отрукташкан, аба ырайы жылуу келген элдерде эл көп топтолуп, шаан-шөкөттүн өзгөчө маанайын чагылдырган «Анжиян полькасын» белгилөөгө болот.

Этникалык бийлер өзгөчө кыймылдары, ыргагы менен айырмаланып экзотикалык мүнөздө болот. Ал өзүнө абдан бай маданиятты камтып, муундан муунга өтүп сакталып келе жатат. Бийдеги этникалык стилдин өзүн экиге бөлүп кароого болот: коммунал жана перфоманс. Мунун биринчиси көтөрүңкү рухта келип, рухий дүйнөгө жакын келет. Буга көбүнчө грек, еврей, армян, сириялыктардын бийин кошууга болот. Бул бий шаан-шөкөт, оюн-зоокто, жолугушууларда аткарылат. Мыда техника, кыймылдын ишенимдүүлүгү эмес, бийлеген адамдын абалы, ошол бийге жаноту менен берилүүсү манилүү. Ал эми перфоманс болсо этникалык топтордун жана бийчилердин аткаруусунда ишке ашат. Бул жерде маданиятк ажалгашуу эмес, көңүл ачуу, маанайды көтөрүү алдыңкы орунга чыгат. Этникалык бийди аткарууда жарышуу, дене тарбиялык аракетке караганда эмоция, сезимдерди туюнтуу, ачыка чыгаруу маанилүү. Анткени бий, бийлөө абдан чоң искусство, сезимдерди кыймылга айлндыруучу кооздук, чеберчилик.

**Корутунду.** Дүйнө элдеринин бийлерин көнүл ачуучу, тууроочу, культтук жана жоокердик деп да бөлүүгө болот. Ал эми катышуучулардын санына жараша топтук, жамааттык жана индивидуалдуу деп да бөлүп кароого болот. Эң балшкысы элдик бийлер адамзаттын маданиятынын ажырагыс бир бөлүгү. Адамдын турмушун коштоп турган кооз искусство. Ар бир элдин бийи уникалдуу, феноменалдуу деп айтсак болот. Аны сактап, улантып улам кийинки муундарга жеткирүү, алып жүрүү да чоң маданият, рухий казына болуп саналат.

**Колдонулган булактар:**


1. Чукчалардын (кыргыз туусу астындагы) элдик бийи//https//www. azattyk.org.
2. Бий балдарды маданиятка калыптандырат// https// kutilim.kg
3. Жумасеитова Г. Народные танцы в аспекте их сохранения и развития казахской диаспорой Китая и Монголии // https// rusnauka.co



Rəyçi: Y.Balasaqun ad. Qırğızıstan Milli Universiteti

t.e.d., prof. Tınçtıkbek Çorotegin